## "Чыгыш Европа " темасы боюнча 9-класска география предметинен өтүлгөн сабакка өздүк анализ

***Сабактын максаты:*** *окуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуу, дүйнө таанымын кеңейтүү,КМш өлкөлөрүнүн курамына кирген, Чыгыш Европада жайгашкан өлкөлөр тууралуу кенен маалымат берүү жана өлкөлөр менен тааныштыруу .*

***Билим берүүчүлүк:***

***Белоруссия жана Молдова өлкөлөрү жөнүндө маалымат алышат, алардын бири биринен өзгөчөлүктөрүн жана кен байлыктары, жаратылышы, экономикасы, маданияты тууралуу маалымат алышат***

***Өнүктүрүүчүлүк:***

***Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, кызыгуусун, элестетүүсүн өнүктүрөт. Дүйнөнүн экономикалык картасынан, атластын жардамы менен картага түшүрүшөт***

- ***Кайсы аймактар менен чектелээрин аныкташат***
- ***Салыштырмалуу түрдө талдашат***
- ***Экономикасындагы айырмачылыктарын салыштырышат***

***Тарбия берүүчүлүк:***

***Окуучулар карта менен иштөөдө тактыкка, тыкандыкка, топто иштей билүүгө, топто иштөөдө бири бирин сыйлоого жана урматтоого, ошондой эле өз пикирин кеңири айта билүүгө үйрөнүшөт.***

### *Өтүлгөн сабак жаңы теманы өздөштүрүү сабагы болду.*

Сабактын мазмуну программага дал келет. Мен алдын ала "Чыгыш Европа" темасына мультимедиалык презентацияны даярдап алдым, бул жаңы теманы түшүндүрүүдө окуучуларга көрсөтмөлүү жана жеткиликтүү болду.

Мурунку сабактан алган билимдерин текшерүү 2 жол менен жүрдү: жекече иштөө жана оозеки суроо, мында мен төмөнкүлөргө жетиштим – окуучулардын өз алдынча иштөө жөндөмүн калыптандыруу менен,оозеки сүйлөө речи жана коммуникативдүүлүгү өстү.

Окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн уюштурууда стимул берүү жана мотивдештирүү методдорун колдондум: сабактын башталышында ар бир окуучуга баалоо баракчасы таратылып берилген,анда сабактын жүрүшүндө туура жооп үчүн алынган упайларды жазып туруулары керек, сабак аяктаганда алар баа менен алмашылды. Муну менен окуучулардын өзүн өзү баалоо жана бири-бирин баалоо ишке ашты.

Сканировано с CamScanner

Сабакта окуучулардын таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн активдештирүү максатында, алар группаларга бөлүнүп,түзүлгөн таблицаларды толтуруу менен маалымат беришти.1-топ "Молдова" өлкөнүн өзгөчөлүктөрдү табышып, маалымат беришти,2-топ Белоруссия тууралуу да кенен маалымат айтып беришти.

Менин оюмча, сабактын эң урунттуу жана эң кызыктуу эсте калуучу учуру, окуучулардын өздөрү практикалык иш жасап,аны кайра доскада презентациялоосу,жактоосу болду.Мында эрежелерди практика менен айкалыштыруу жөндөмү бекемделди.

Себеби, сабактын эң негизги өзөгү болгон сабактын практикалык бөлүгү – географияны окуп-үйрөнүүнү мотивдештирет.

Сабак окуучулардын окууга,предметке, айлана-чөйрөдөгү табигый кубулуштарга болгон кызыгуусун арттырууга жардам берди.

**Сабактын тиби:**жаңы материалды өздөштүрүү.
**Сабактын методу:** Аралаш сабак
Сабак аралык байланыш: Мекен таануу, сүрөт, тарых

**Сабактын жүрүшү жана структурасы.**
1-таблицада көрсөтүлгөн

1-таблица

***Сабактын жүрүшү***

| № | Сабактын этабы | Убакыт (мин) |
|---|---|---|
| 1 | Саламдашуу | 1 мин |
| 2 | Топко бөлүү,топ башчыларын шайлоо | 2мин |
| 3 | Өтүлгөн теманы кайталоо | 5 мин |
| 4 | Таблица менен текшерүү | 5 мин |
| 5 | Суроо берүү Өтүлгөн теманы бышыктоо | 5 мин |
| 6 | Жаңы теманы өздөштүрүү | 10 мин |
| 7 | Текст менен иштөө | 7 мин |
| 8 | Бышыктоо | 2 мин |
| 9 | Баалоо | 1 мин |
| 10 | Үй тапшырма | 1 мин |
| 11 | Рефлексия | 1 мин |
| 12 | Жыйынтыктоо | 5 мин |

Сканировано с CamScanner

Сабактын бардык этабында удаалаштык жана логикалык байланыш сакталды,о.э. сабактын бүтүндүгү камсыз болду.

**Окутуунун принциптери:**демонстрациялык тажрыйба окутуунун илимийлүүлүгүн,окуучулардын активдүүлүгүн, таанып-билүү жөндөмүн, теория менен практиканын байланышын ачууга, өз алдынчалуулугун өстүрүүгө өбөлгө түздү.

**Окутуунун усулдары:**

Сабакта төмөнкүдөй усулдар колдонулду: интерактивдүү усул, изденүү ыкмасы,көрсөтмөлүү ыкма,өз алдынча иштөө, топтордо иштөө,карта боюнча тапшырмалар.Бул методдор окуучулардын изилдөөчүлүк жана чыгармачылык мүнөздөгү ишмердүүлүгүн камсыз кылды.

**Сабактын жалпы жыйынтыктары:**
Сабактын планы толугу менен аткарылды, ошондой эле сабактын жалпы билим берүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максаты ишке ашты.

№82 жалпы билим берүү орто мектебинин география мугалими:
________________ КорошоваС.М.

Сканировано с CamScanner